**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**«29»-май 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезектеги IX сессия**

**ТОКТОМ** **№ 8** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Жалал-Абад шаарынын З.Жамашев көчөсүндөгү муниципалдык жер тилкеси жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Турак-жай Кодексинин 66-беренесинин 2-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү” мыйзамынын 19-беренесине ылайык, Жалал-Абад шаарынын мэриясынын 29.05.2025-жылдагы чыг.№01-18/3166 сандуу катты, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин жерди пайдалануу, архитектура, турак-жай, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда каралып, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги IX сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин IX чакырылышынын 29.12.2021-жылдагы кезексиз XII сессиясынын №1-токтому жокко чыгарылсын.
2. Жалал-Абад шаарынын З.Жамашев көчөсү №135а дарегинде жайгашкан (идентификациялык номери 3-10-01-0022-0048) жалпы аянты 2158,00 чарчы метр жер тилкесине көп кабаттуу турак жай курууга макулдук берилсин.
3. Курулган көп кабаттуу турак жайдан муниципалдык менчикке берилүүчү имараттын аукционго берилүүчү баштапкы пайыздык ченеми 18% менен бекитүүгө макулдук берилсин.
4. Көп батирлүү үйдү эксплуатацияга бергенде Жалал-Абад шаарынын мэрине (Э.Ормоков), Жалал-Абад шаарынын Жер ресурстар башкармалыгынын башчысына (Ж.Бөрүкулов) жана “Кадастр” мамлекеттик мекемесинин Жалал-Абад филиалына мыйзам чегинде иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин курулуш, транспорт, коммуналдык чарба жана байланыш боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
7. Ушул токтом Жалал-Абад шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Турдубеков О.Т.**